УДК: 59.9

Имангазиева Р.У., Сагимбекова Д.С.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ӨЗГӨЧӨ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТҮН МААНИСИ, ӨНҮГҮШҮ

*Макалада өзгөчө жөндөмдүү балдардын коомдогу өзгөчөлүктөрү тууралуу пикир, көз караштары жалпыланып, өз алдынча тыянактар чыгарылат. Өзгөчө жөндөмдүү балдардын активдүүлүгү, ой жүгүртүүсү, кызыгуулары, сөз байлыгы, башка балдардан айырмачылыгы жөнүндө жыйынтыктар берилет. Алардын психосоциалдык чөйрөсүнүн өнүгүшүнүн белгилери аныкталат.*

***Негизги сөздөр:*** *жөндөмдүү балдар, өнүктүрүү, жөндөмдүүлүк, активдүү, психосоциалдык чөйрө.*

*В статье рассматриваются особые способности одаренных детей, обобщаются их взгляды, мнения. Авторы делают выводы о мышлении, активности, интересах, словарном запасе одаренных детей (с особыми способностями) и сравнивают их с другими детьми. Определяются главные черты психологической сферы их развития. Особенности формирования особо одаренных детей подтверждается в результате педагогического наблюдения.*

***Ключевые слова:*** *одаренные дети, формирование, способности, активность, психологическая сфера.*

*This article deals with the result of generalization of children with special abilities and their peculiarities in society. The activity, thinking, interest, stock of words, difference from another children will be concluded. Also, the development of psychological field will be determined. The formation peculiarities of children with special abilities will be defined on a base of pedagogical observation.*

***Key words:*** *generalization of children, abilities, forming, activity, psychological field.*

Акыркы жылдарда билим берүүдөгү болуп жаткан реформалар өзгөчө жөндөмдүү балдарга мамилени өзгөртөт. Жаңы билим берүү мекемелери ачылды, социалдык жана окуу программалар түзүлүүдө, коомдук уюмдар жана фонддор уюшулууда. Булардын бардыгы өзүнүн астына өзгөчө жөндөмдүү балдарды аныктоо, окутуу жана алардын аң-сезимин өнүктүрүүнү максат кылып коюшкан. Бул болсо, өз учурунда, өзгөчө жөндөмдүүлүктүн психологиялык закон ченемдүүлүктөрүн жана механизмдерин аныктоого багытталган фундаменталдуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө кызыгууну арттырды. Ушундан улам, өзгөчө жөндөмдүүлүктү аныктоо, окутуу жана өнүктүрүү методдорун практикада колдонууга багыт алды.

Таанып-билүүнүн ылдам өнүгүшүндө өзгөчө орунду өнүгүүнүн сензитивдүү мезгилдери ээлейт. Мындай мезгилдерде балдар курчап турган чөйрөдөн кабыл алууга мүмкүн болгондун бардыгын өздөрүнө сиңирип алышат. Өзгөчө жөндөмдүү бала өзүнүн изилдөөлөрүнө чек койбойт. Интеллектинин бул функциясы Жан Пиаженин ок боюнча маалыматты кабыл алуусун, организмдин тамак сиңирүүсү менен окшошуп турган.

Окумуштуулар өзгөчө жөндөмдүү балдардын мээсинин биохимиялык жана электрлик активдүүлүгү жогору экендигин аныкташкан. Өзгөчө жөндөмдүү балдар алгачкы бала чакта эле себеп-натыйжалык байланыштарга байкоо жүргүзүп, андан жыйынтык чыгарууга жөндөмдүү. Ошондой эле мындай балдар сүйлөө кебинин

абстракттуу ой жүгүртүүнүн негизинде куралган мыкты эске тутууга ээ болушат. Алар маалыматты жана тажрыйбаны классификациялоого кызыгуусунан байкалат. Өзгөчө жөндөмдүү балдардын сөздүк запасы, суроо берүүнүн өзгөчө конструкциясы башкалардын көңүлүн өзүнө бурат. Мындай балдар кызыгуу менен сөздүктөрдү жана энциклопедияларды окушат, анын жөндөмдүүлүгүн активдештирүүнү талап кылган оюндарды жактырышат. Шыктуу балдар таанып-билүүчүлүк белгисиздиктерди оңой жеңе билишет. Кыйынчылыктарды жеңүү аларга канагаттанууну алып келет. Алар татаал, көлөмү чоң тапшырмаларды аткарууга кызыгышат жана даяр жоопту колдонуудан баш тартышат.

Айрым балдарда окууга караганда математикалык жөндөмдүүлүк басымдуу болот. Өзгөчө жөндөмдүү бала кунт коюунун концентрациялоосу менен да айырмаланат. Өзү үчүн кызыкчылык туудурган чөйрөдө жыйынтыкка жетишүүдө өжөрлүктү көрсөтө алышат. Алар үчүн улуулар тарабынан түшүнүү жана кайсыл бир деңгээлде көмөк көрсөтүү зарыл. Эч качан мындай балдар менен иштөөдө алардын ийгиликсиз иштерине басым жасабаш керек, тескерисинче кайрадан бирге кыйынчылыктарды жеңүүсүнө жардам көрсөтүү талапка ылайык.

Өзгөчө жөндөмдүү балдардын психосоциалдык чөйрөсүнүн өнүгүшүнүн төмөндөгү белгилери бар:

- Эрте өнүккөн калыстык сезими, ошондой эле кенже окуучуларда жеке баалуулуктар системасынын кенен болушу. Алар коомдук калыссыздыкты оор кабыл алышат, өзүнө жана башкаларга жогорку талаптарды коюу менен, чынчылдыкка, калыстыкка жакын болушат. Өзгөчө жөндөмдүү балдар элестөө, кыялдануунун, фантазиянын өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү менен да айырмаланышат. Фантазиялык окуяларды реалдуу окуялардан оңой менен ажырата алышпайт, тескеринче дагы көркөмдөп фантазиялуулукту күчөтүүсү менен чыгармачылыктын өнүгүшүнө өбөлгө түзүшөт;
- Өзгөчө жөндөмдүү балдардын ички тең салмактуулугуна зарыл болгон начар сезиминин өнүгүшү эсептелет. Жөндөмдүү балдар өз курдаштары күтпөгөн жерден сөз таап, куйкум сүйлөгөндү да жактырышат, өз учурунда юмор жөндөмдүү баланын назик психикасына коргоочу калкан катарында кызмат кылат. Өзгөчө жөндөмдүү балдар көпчүлүк учурда колунан келбеген проблемаларды чечүүгө аракет жасашат. Алардын өнүгүшүнүн көз карашында мындай аракет пайдалуу, бирок өз курдаштары сыяктуу эле өзгөчө жөндөмдүү балдар эмоционалдык жактан чыдамсыз келишет. Алар өз оюндагысын ачык айтып, эркин ой жүгүртө, оюндагысын көркөмдөп айта алышат;
- Өзгөчө жөндөмдүү балдарда экстрасенсордук кабыл алуусу күчтүү өнүккөн. Өзгөчө жөндөмдүүлүктү изилдөөчүлөрдүн бири Гауэн экстрасенсордук кабыл алууну бул категорияга кирген адамдардын өзгөчө сапаты катарында караган.

Кенже окуучулук куракта өзгөчө жөндөмдүү балдар эгоцентристтер болуп эсептелишет. Эгоцентризм термини, Пиаже боюнча,  негативдүү белгиси боюнча эгоизм эмес, бул өзүнүн кубулуштарга окуяларга болгон кабыл алуусун жана эмоционалдык реакциясын да башка адамдар да дал ошондой кабыл алып, жооп кайтаруусу керек экен деген ойдо болушу. Бала бул куракта курчап турган дүйнөнү башкалар ал сыяктуу кабыл алышарын түшүнбөйт.

Өзгөчө жөндөмдүү балдардын физикалык мүнөздөмөлөрүнүн эки карама-каршы стереотиби бар. Биринчисинде өзгөчө жөндөмдүү балдар арык кичинекей,

ак куба, көз айнек тагынган бала болсо, экинчисинде, терминдин монументалдуу «Генийди изилдөө» деген эмгегинде көрсөтүлгөндөй, бою узун, дене бою чың жана татына келген балдар, эки образ тең реалдуу чындыктан алыс. Балдардын ден соолугу жана сырткы келбети боюнча стереотиптик аныктоонун зарылдыгы жок. Алар өзүнүн ар тараптуулугу менен жетишерлик сүйкүмдүү.

Кылдат мотордук координация, кол ийкемдүүлүгү, визуалдык кабыл алуу жана механикалык кыймыл-аракеттин ортосундагы координация таанып билүүгө караганда анча өнүгө элек болот жана баланын жаш курагы менен байланыштуу болот. Баланын колдору, манжалары ар кыл ишмердүүлүккө жарап тынымсыз көнүгүүлөргө муктаж. Кесип, чаптоо, жазуу иштери оозеки иш-аракеттерге салыштырмалуу бала үчүн оор болот. Ошого карабастан бала өтө кыймылдуу жана тынчсыз келет.

Жогоруда айтылгандар өзгөчө жөндөмдүүлүктүн көп кырдуулугун аныктайт. Бирок ар бир бала жогоруда баяндалгандан сырткары уникалдуу касиеттерге ээ. «Өзгөчө жөндөмдүү бала» деген сөз айкашы кандайдыр бир өзгөчөлүктү аныктайт. Мында биз кандайдыр бир деңгээлде өз курдаштарынан салыштырмалуу айырмаланган балдардын өзгөчө тобун элестетебиз. Мындай түшүнүү бир беткей сыяктуу угулуп, сапаттуу түрдө педагог жана психологдор тарабынан сын пикирге алынууда. Бирок мындай түшүнүүнү да кабыл алууга болот, себеби ал реалдуу проблеманы чагылдырууда.

Адамдын баш мээси, анын ой жүгүртүүгө, чыгармачылыгына болгон жөндөмдүүлүгү табияттын өзгөчө белеги катарында каралуусу мүмкүн жана бул түшүнүктө өзгөчө жөндөмдүүлүк биздин алдыбызда ар бир адамда боло турган потенциал катарында каралат.

Өзгөчө жөндөмдүүлүктү аныктоо, өнүктүрүү психологиялык-педагогикалык системасынын теориялык негиздерин алып көрсөтүүдө баштапкы таянычы катарында акыркы он жылдык ичинде изилдөөчүлөр тарабынан иштелип чыккан жана практикалык колдонуудан өткөн концепциялар.

1. Н.С.Лейтес тарабынан иштелип чыккан интеллектуалдык өзгөчө жөндөмдүүлүк феноменин жаш курактык жактан кароо концепциясы. Бул концепцияга ылайык, Лейтес бала чак курагына таандык жөндөмдүүлүктүн өнүгүүсү өзгөчө ички түзүлүшкө ээ экендигин аныктап, баланын тигил же бул курактагы мүмкүнчүлүктөрү кийинки куракта өзүнүн деңгээлин жана өзгөчөлүгүн жоготпооруна көңүл бурган. Жаш курак жактан кароо жогорку жөндөмдүүлүктүн белгилери бар балдар менен практикалык иштерди жүргүзүүгө реалдуу базасын түзөт жана диагностикалык прогноздоого адекваттуу мамиле жасоого мүмкүнчүлүк берет.

Өзгөчө жөндөмдүүлүктү адамдын чыгармачылык потенциалынын белгиси катарында кароо М.Матюшин тарабынан теориялык жактан иштелип чыгып жана анын кызматкерлери тарабынан билим мекемелерине ар түрдүү типтеринде практикалык жактан реализацияланган.

2. Анда өзгөчө жөндөмдүүлүк чыгармачылык потенциалдын жогорку деңгээли катарында каралып, анын белгилери эрте аныкталып, кийинки чыгармачылыгынын өнүгүүсүнө өбөлгө болору аныкталган. Ошол себептүү өзгөчө жөндөмдүүлүктү эрте аныктоого берилип жана чыгармачылык потенциалдын сакталышын камсыз кылган психологиялык, дидактикалык методдор иштелип чыккан. Бул максатта

В.С.Юркевич жалпы өзгөчө жөндөмдүүлүктүн өнүгүшүнүн «Ядросу» катарында таанып-билүү муктаждыкты изилдөө менен бул муктаждыктын туура эмес өнүктүрүү жалпы өзгөчө жөндөмдүүлүктүн деңгээлин жана темпин басаңдатаарын жана инсандын калыптанышына да доо кетерин аныктаган.

3. Ю.Д.Бабаеванын Л.С.Выготскийдин өнүгүү идеясына негизделген өзгөчө жөндөмдүүлүктүн динамикалык теориясында өзгөчө жөндөмдүүлүктү бүтүндөй инсандын өнүгүүчү касиеттери катарында караган. Өзгөчө жөндөмдүүлүктү баалоодо анын өнүгүшүн тормоздоочу психологиялык тоскоолдуктар өнүгүүнүн диссинхрониясына алып келерин аныктаган. Изилдөө планында бул теория өзгөчө жөндөмдүүлүктүн ар кыл түрлөрүнүн сапаттык айырмачылыктарын аныктоо жана изилдөө менен байланышкан. Анда диагностикалоо методдору өзгөчө жөндөмдүүлүктүн генезисин анализдөө жана анын өнүгүшүнүн конкреттүү психологиялык механизмдерин изилдөөнүн негизинде иштелип чыккан. Бул жерде өзгөчө жөндөмдүү баланын өзгөчөлүктөрү да бирге изилденген. Анда өзгөчө жөндөмдүү балдардын эмоционалдык өнүгүшүнүн спецификасы жана концепциясы, калыптануу өзгөчөлүгү изилденет. Өзгөчө көңүл традициялуу психометрияны тесттердин жардамы менен аныктоого мүмкүн болгон купуя өзгөчө жөнүндөгү изилдөөгө бул максатка тренингдин технологияларын колдонуу диагностикасы иштелип чыккан.

4. Өзгөчө жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүшүнө экопсихологиялык көз караш аны психиканын чыгармачылык табиятынын өзгөчө формасы катарында карайт. Ошол себептүү ал индивиддин анын курчап турган чөйрө менен өз ара иш-аракеттинде пайда болуучу жана окуучунун аң-сезиминде жогору өнүгүүчү психикалык процесстердин жана абалдардын формасын кабыл алуучу системалуу калыптануучу сапат болуп саналат.

5. Массалык жалпы билим берүүчү мектептерде өзгөчө жөндөмдүү балдарды окутуу жана өнүктүрүүгө психодидактикалык көз караш акыркы он жылдын ичинде В.П.Лебедева, В.А.Ордова жана В.Н.Пановалар тарабынан РАОнун инсанды комплекстүү калыптандыруу борборунда апробациялар жана практикалык колдонууга интенсивдүү иштелип жатат. Анын маңызында балдардын жалпы орто билим берүүчү мектептин шартында өзгөчө жөндөмдүүлүктү аныктоону, окутууну жана өнүктүрүүнү камсыз кылган билим берүүчү чөйрөнү түзүү болуп эсептелет.

Өзгөчө жөндөмдүүлүктүн базалык мүнөздөмөсү болуп адамдын чыгармачылык активдүүлүгү психикасынын чыгармачылык табияты жана анын өнүгүшү эсептелинет. Бул көз караште өзгөчө жөндөмдүүлүк психиканын системасы, өнүктүрүүчүлүк касиети жана таанып-билүүчүлүк, эмоционалдык, инсандын өнүгүүсүнүн индивидуалдык мүнөздөмөсү катарында.

Өзгөчө жөндөмдүүлүктү аныктоодо жөнөкөй педагогикалык байкоо жүргүзүүдөн баштап атайын иштелип чыккан, стандартташтырылган тексттик тапшырмаларга чейин, ошондой эле оюн жана тренингдик методдорго чейинки ар кыл методдор колдонулат. Бирок өзгөчө жөндөмдүүлүктүн өзгөчө татаалдыгы атайын даярдык көргөн адистер тарабынан өткөрүлүшү зарыл экендигинен тастыкталат.

Биздин жалпы гипотезабызга ылайык, өзгөчө жөндөмдүүлүктүн белгилери ар кыл куракта байкалышы мүмкүн, анын ичинде мектепке чейинки бала чакта да. Акыркы учурда баланын мектепке кирүү шартында өзгөчө жөндөмдүүлүктү

аныктоонун андан аркы өнүгүшүнө мүмкүнчүлүктөрү түзөт. Бул максатта өзгөчө жөндөмдүүлүктү аныктоо жана мониторинги үчүн А.М.Матюшкин тарабынан иштелип чыккан өзгөчө жөндөмдүүлүктүн жалпы жана атайы түрлөрүнүн белгилери терең изилденип, анын негизинде өзгөчө жөндөмдүүлүктүн жаш курактык көрсөткүчтөрүн баалоо диагностикалык методикалары иштелип чыккан жана практикада колдонууга сунушталган. Анын ичинде могнитивдүү өнүгүүнү аныктоо үчүн Мюнхен тестери жана Э.П. Торренстин креативдүүлүктү аныктоочу тесттери камтылган. Бирок өзгөчө жөндөмдүүлүктү аныктоо жана ал жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүшүн баалоо үчүн психологиялык-педагогикалык тексттик методикалардын эффективдүүлүгүн танбастан, бир да методика баланын өнүгүшү жөнүндө толук маалымат бере албастыгына көзүбүз жетти. Ошого карабастан жогорудагы өзгөчө жөндөмдүүлүктү аныктоо үчүн сунуш кылынган диагностикалык методикалардын ичинде башталгыч мектептин 1-класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкташтырылып айрым методдорун негизинде атайы тапшырмаларды тандап алып, өзүбүздүн экспериментибизге колдондук.

**Адабияттар:**

1. Пиаже Ж. Суждение и рассуждение ребенка. -М., 1997.
2. Одаренные дети. Перевод с англ. Под.ред. Г.В.Бурменской, В.М.Слуцкого. -М., 1991.
3. Лейтес Н.С. Возрастная одаренность и индивидуальные различия. -М., 1997.
4. Матюшкин А.М. Концепция творческой одаренности. \\Вопросы психологии №6, 1989.
5. Юркевич В.С. Одаренный ребенок: иллюзии и реальность. -М., 1996.
6. Панов В.И. Одаренность, образовательная среда. -М., 1997.
7. Гильбух Ю.З. Внимание: одаренные дети. -М., 1991.
8. Холодная М.А. Психология интеллекта: Парадоксы исследования. -М., 1996.